Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, сахабалар келип: «Биздин оюбузга айтканга тил барбаган жаман ойлор келет» - деп сурашты, анда Пайгамбар: «Силерге ушундай ойлор келип жатабы?» - деди. Алар: «Ооба» дешти. Пайгамбар: «Бул ыймандуулуктун ачык белгиси» - деп айтты. @

Абу Хурайра, радыяллаху, анху риваят кылат: Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, сахабалар келип: «Биздин оюбузга айтканга тил барбаган жаман ойлор келет» - деп сурашты, анда Пайгамбар: «Силерге ушундай ойлор келип жатабы?» - деди. Алар: «Ооба» дешти. Пайгамбар: «Бул ыймандуулуктун ачык белгиси» - деп айтты.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, сахабаларынын бир тобу келип, аларга айтканга тил барбаган жаман ойлор келип жатканы туурасында сурашты. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Силерге келип жаткан ойлор ыймандуулуктун белгиси жана шайтан адамдын оюна салган азгырыктарын кайтарган мусулман адамдын бекем ишениими» - деп айтты. «Ошондой эле бул ойлорду айтуу силерге жийиркенүүнү алып келгендиги шайтан силерди азгырып албагандыгынан кабар берет. А эгерде андай келген ойлорду кайтарбасаңар же аны менен күрөшүп жакшы ойлорго өтпөсөңөр, анда шайтан силерди азгырып жүрөгүңөрдү ээлеп алгандын белгиси болот» - деп айтты.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/65011